Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) каалаган өкүмгө жетүү максатында пара берүүчүгө жана пара алуучуга каргыш айтты

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылып айтты: Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) каалаган өкүмгө жетүү максатында пара берүүчүгө жана пара алуучуга каргыш айтты.
[Сахих (ишенимдүү)] [Ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пара берген жана пара алган адамга Аллах Тааланын ырайымынан чыксын жана алыс болсун деп дуба кылган. Мына ошол пара - бул соттор өкүмдү бурмалоосу үчүн аларга төлөнүүчү нерсе. Пара берүүчү адам каалаган максатына адилетсиздик менен жетиши үчүн пара берет.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/64689